Исмаил Ражи аль-Фаруки

# ИСЛАМ ЦИВИЛИЗАЦИЯСЫНЫН ӨЗӨГҮ



АТАЙЫН ЧЫГАРЫЛЫШТЫН 21-СЕРИЯСЫ

**Исмаил Ражи аль-Фаруки**
**Isma'il Rāji al Fārūqī**

# ИСЛАМ ЦИВИЛИЗАЦИЯСЫНЫН ӨЗӨГҮ

## THE ESSENCE OF ISLAMIC CIVILIZATION

Ислам ойлору Эл аралык институту (IIIT)

*Бишкек* - *2021*

**УДК 297**
**ББК 86.37**
**И 87**

Автору: **Исмаил Ражи аль-Фаруки**
Ислам цивилизациясынын өзөгү/
Которгон: **А. О. Ибраев** –Б.: 2021. – 36 б.
Китептин редактору: **Беделбек кызы Вера**

Бул китеп жалпы окурмандарга, Ислам динине кызыккандарга, Ислам динин изилдегендерге өтө пайдалуу. Бул китептин өзгөчөлүгү – исламга болгон жаңы көз караштарды сунуштайт. Мусулмандарды калыптанып калган эски көрүнүштөрдөн арылтып, чыныгы ийгиликке жеткире турган жолдорду чагылдырат.

Китеп “Ихсан Хайрия” коомдук фонду тарабынан жарыкка чыгарылган

**Бул китеп Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармасы тарабынан тастыкталган. №145**

**Ислам цивилизациясынын өзөгү (Kyrgyz)**
*Исмаил Ражи аль-Фаруки*
*Атайын чыгарылыштын 21-сериясы*

© Ислам ойлору Эл аралык институту (IIIT)
1442 AH / 2021 CE
*Paperback* ISBN: 978-9967-9329-9-9

**The Essence of Islamic Civilization (Kyrgyz)**
*Isma’il Rāji al Fārūqī*
*Occasional Paper Series 21*

The International Institute of Islamic Thought (IIIT)
1434 AH / 2013 CE
*Paperback* ISBN: 987-1-56564-597-4
IIIT
P.O.Box 669
Herndon, VA 20172, USA
www.iiit.org

Бардык укуктар корголгон

**УДК 297**
**ББК 86.37**

## КИРИШ СӨЗ

ИСЛАМ ОЙЛОРУ ЭЛ АРАЛЫК ИНСТИТУТУ Исмаил аль-Фарукинин Ислам цивилизациясынын өзөгү аттуу сейрек басылмасын кубаныч менен тартуулайт. Ал биринчи жолу Исмаил аль-Фаруки менен Луис Ламия аль-Фарукинин *Исламдын Маданий Атласы (1986)* аттуу эмгегинин төртүнчү бөлүмү болуп басылып чыгып, Исламдын жалпы көз карашын, анын ишенимдерин, салттарын, институттарын жана дүйнөдөгү ордун чагылдырган таасирдүү эмгектин бир бөлүгүн түзгөн. Карта иллюстрациялары менен эки арабескадан башка бардык сүрөттөр жаңыланган.

Профессор Исмаил Ражи аль-Фаруки – (1921-1986) палестина–америкалык философ, олуя жана салыштырма дин боюнча алдыңкы адис болгон. Ал алдыңкы заманбап Ислам окумуштуусу болуп, анын илимий ишмердүүлүгү ислам изилдөөлөрүнүн бардык тармагын – дин изилдөө, ислам ойлору, билимге мамиле, тарых, маданият, билим берүү, дин аралык диалог, эстетика, этика, саясат, экономика жана илимди камтыган. Аль-Фаруки XX кылымдын залкар мусулман окумуштууларынын бири болгон. Бул китепте ал Исламдын мааниси менен негизги билдирүүсүн кең дүйнөгө тааныштырып, *таухидди* (Кудайдын жалгыздыгын) анын өзөгү жана Ислам цивилизациясын өзгөчөлөнтүп турган биринчи аныктоочу принцип катары көрсөтөт.

1981-жылы түзүлгөн Ислам ойлору Эл аралык институту Ислам көз карашына, баалуулуктарына жана принциптерине негизделген олуттуу илимий аракеттерди бекемдөөгө чоң салым кошуп келе жатат. Институттун изилдөө программалары, семинарлары жана конференциялары акыркы отуз жыл ичинде англис жана араб тилдеринде жарык көрүп, көбү башка көптөгөн тилдерге которулган төрт жүздөн ашык китептердин басылып чыгышын шарттады.

Анас аш-Шейх Али
*Илимий жетекчи,*
*ИОЭИнин Лондондогу кеңсеси*

# ИСЛАМ ЦИВИЛИЗАЦИЯСЫНЫН ӨЗӨГҮ

Ислам цивилизациясынын өзөгү Ислам же Исламдын өзөгү *таухид* – Аллахтын Жалгыз Жаратуучу экенин кабыл алуу экени шексиз. Бул эки негизги болжолдор талашсыз. Бул цивилизацияга таандык болгон же ага катышкандар алардан эч качан шек санашкан эмес. Бирок жакында эле миссионерлер, чыгыш таануучулар жана башка Ислам таануучулар аларга шек келтиришти. Билим деңгээли кандай болбосун, ар бир мусулман эподикалдуу түрдө Ислам цивилизациясында өзөк бар экенин жана ал өзөк анализге же сүрөттөөгө ылайык экенин, ал – *таухид* экенин билет. *Таухидди* өзөк катары карап, Ислам цивилизациясынын башкы аныктоочу принциби экенин талдоо – бул бөлүмдүн максаты болуп саналат.

*Таухид* – бул Ислам цивилизациясына өзгөчөлүк берип турган, анын бөлүктөрүн бир бүтүн кылып, биз цивилизация деп атаган интегралдуу организмге айландырган нерсе. Салыштыргыс элементтерди бир тутумга алып келүү менен, цивилизациянын өзөгү – бул учурда *таухид* – өз үлгүсү менен аларды бир түзүмгө алып келет. Ал аларды башка элементтерди колдоп, бирге айкалыштыруу үчүн кайра иштеп чыгат. Алардын негизги табиятын жөнү жок өзгөртпөстөн, өзөк цивилизацияны түзгөн элементтерди аларга жаңы өзгөчөлүктөрдү берүү менен өзгөртөт. Өзгөрүү өзөктүн ар түрдүү элементтерге жана алардын аткарган иштерине кандай тийиши бар экенине карап кичинеден радикалдуулга чейин өзгөрөт. Цивилизация кубулушунун мусулман байкоочуларынын ойлорунда бул тийиштүүлүк өзгөчө бөлүнүп турган. Ошон үчүн алар *таухидди* өзүлөрүнүн эң баалуу эмгектеринин аталышы катары тандап, бардык нерселерди анын калкасына алышкан. Алар *таухидди* башка принциптерди камтыган жана аныктаган эң негизги принцип деп эсептеп, ислам цивилизациясынын кубулуштарын аныктап турган алгачкы, негизги булакты андан табышкан.

Салттуу жана жөнөкөй түрдө айтылган *таухид* “Аллахтан башка Кудай жок” деген билдирүүгө ишенип, аны көрсөтүү болуп саналат. Бул терс билдирүү, кыскалыктын эң кыска чегинде болуп, жалпы Исламдагы эң чоң жана эң мол маанилерди камтып турат. Кээде, бүтүндөй маданият, бүтүндөй цивилизация же бүтүндөй тарых бир сүйлөмдүн эле ичинде катылып турат. Бул сөзсүз түрдө Исламдагы *калимага* (билдирүү) же *шахадага* (күбөлөндүрүү) таандык. Исламдын болгон ар түрдүүлүгү, байлыгы жана тарыхы, маданияты жана илими, акылмандыгы жана цивилизациясы “*Ла илаха илла Аллах*” деген эң кыска сүйлөмдө катылып жатат.

# *ТАУХИД* ДҮЙНӨГӨ БОЛГОН КӨЗ КАРАШ КАТАРЫ

*Таухид* – бул реалдуулуктун, чындыктын, дүйнөнүн, мейкиндик менен убакыттын, адамзатынын тарыхынын жалпы көрүнүшү болуп саналат. Ошондой болуу менен ал өзүнө төмөнкү принциптерди камтыйт:

**Эки тараптуулук**

Реалдуулуктун эки негизги түрү бар, Кудай жана Кудайлык эмес, Жаратуучу жана жаратылуучу. Биринчи түрдө бир гана Кудуреттүү Аллах бар. Ал жалгыз Кудай, түбөлүк, Жаратуучу, өзгөчө. Ага эч ким тең эмес; Ал түбөлүккө уникалдуу жана Ал эч кимге муктаж эмес. Экинчиси болсо мейкиндик-убакыт, тажрыйба жана жаратуу тартиби. Ал бардык жандыктарды, буюмдардын, өсүмдүк менен жаныбарлардын, адамдардын, жин менен периштелердин, асман менен жердин, бейиш менен тозоктун дүйнөсүн жана алардын жаралгандан берки жашоосун камтыйт. Жаратуучу жана жандыктардын эки тартиби алардын болмушун же онтологиясын, жана ошондой эле, алардын жашоосун алып караганда толугу менен жана абсолюттук түрдө айырмаланып турат. Бири экинчиси менен кошулуп, биригип, алмаштырылып же бири бирине сиңип кетүү түбөлүккө мүмкүн болбой турган нерсе. Жаратуучу онтологиялык жактан жаратылуучу болуп өзгөрүп, жаратылуучу дагы кайсы бир түрдө Жаратуучуга айлана албайт.

**Идеялуулук**

Реалдуулуктун эки тартибинин ортосундагы мамиле табияттан идеялык болуп эсептелет. Анын адамдагы таяныч пункту түшүнүү жөндөмү болуп саналат. Билимдин базасы катары түшүнүү эс-тутумдун, кыялдын, ой жүгүртүүнүн, байкоонун, ички туюмдун, коркунучтун жана башканын гносеологиялык кызматтарын камтыйт. Бардык адамдарга түшүнүү жөндөмү берилген. Алардын бул жөндөмү Кудайдын буйругун төмөнкү жолдордун бири аркылуу түшүнүү үчүн жетишерлик күчтүү: ошол буйрук Кудайдан түз адамга сөз аркылуу айтылганда жана Кудайдын буйругу жаратылуучунун байкоосу аркылуу түшүнүктүү болгондо.

**Телеология**


Ааламдын табияты телеологиялык болуп саналат, бул максаттуу, аны Жаратуучунун максатын аткаруу жана аны көздөмдөн тыш аткаруу. Дүйнө максатсыз эле жаратылган эмес. Ал кокустуктун же күтүлбөгөн ийгиликтин натыйжасы эмес. Ал кемчиликсиз жаратылган. Ар бир нерсе өзүнүн өлчөмүнө жараша болуп, кайсы бир универсалдуу максатты аткарат. Дүйнө,

чындыгында “аалам”, “башаламандык” эмес, тартиби бар жаратылган нерсе. Анда, Жаратуучунун буйругу дайыма аткарылып турат. Анын үлгүлөрү табигый мыйзамдын муктаждыгы менен аткарылат. Анткени алар ар бир нерсенин табиятында тубаса нерсе болуп саналат. Адамдан башка эч бир жандык Жаратуучу ага алдын ала берген жолдон башкача жашап же иш-аракет кылбайт. Адам Кудай жараткан жандыктардын ичинен Кудайдын буйругун өзүнүн жеке макулдугу жана эрки менен гана аткарган жалгыз жандык. Адамдын физикалык жана психикалык иш-милдеттери табияттан ажырагыс, ошондуктан алар аларга тиешелүү болгон мыйзамдарга башка жандыктар сыяктуу эле баш ийишет. Ал эми руханий иш-аракеттер, тагыраагы түшүнүү жана адеп-ахлактык иш-аракеттер, аныкталган жаратылыштын чөйрөсүнөн тышкары болуп саналат. Алар өздөрүнүн субъекттеринен көз каранды болуп, анын максаттарын көздөшөт. Алар тарабынан Кудайдын буйругун аткаруу башка жандыктардын керектүү түрдө аткарылганынан сапат жагынан башка баалуулук болуп саналат. Керектүү түрдө ишке ашыруу элементтүү же утилитардуу баалуулуктарга тиешелүү; эркин түрдө ишке ашыруу адеп-ахлактыкка таандык. Бирок, Кудайдын адеп-ахлактык максаттары, Анын адамга берген буйруктары физикалык дүйнөдө дагы орду бар, ошондуктан алардын утилитардык дагы аспекти бар. Бирок, бул аларга айырмалоочу сапатты бербейт, адеп-ахлактуу болуудай. Буйруктардын эркин түрдө аткарылышы, тагыраагы аны бузуу мүмкүнчүлүгү, биз “адеп-ахлак” деген нерсеге өзгөчө барктуулук берет.

### Адамдын жөндөмдүүлүгү жана жаратылыштын ийкемдүүлүгү

Ар бир нерсе максат менен жаратылгандыктан жашоонун бүтүндүгү андан кем эмес – ошол максатты ишке ашыруу мейкиндикте жана убакытта мүмкүн болушу керек. Болбосо цинизмден кутулуу мүмкүн эмес. Жаратуу өзү жана мейкиндик менен убакыт процесстери өз маанилерин жана маанилүүлүгүн жоготмок. Бул мүмкүнчүлүк жок болсо, *таклиф* же моралдык жоопкерчилик жок болуп калат жана анын жок болушу менен, же Кудайдын максаттуулугу же  күчү бузулат. Абсолютту түшүнүү, тагыраагы жаратуунун Кудайдан келген себебин түшүнүү тарыхта, тагыраагы жаратуу менен Улуу Сот күнүнүн ортосундагы убакыт аралыгында мүмкүн болушу керек. Адеп-ахлактык иш-аракеттин субъектиси болгон адам өзүн, жоро-жолдошторун же коомду, жаратылышты же өзүнүн айлана-чөйрөсүн Кудайдын үлгүсүн же буйругун өзү же алар аркылуу ишке ашыруу үчүн өзгөртө алууга жөндөмдүү болушу керек. Адеп-ахлактык иш-аракеттин объекти катары, адам жана анын жолдоштору жана чөйрөсү субъекттин, адамдын натыйжалуу иш-аракетин кабыл алууга жөндөмдүү болушу керек. Бул жөндөмдүүлүк адамдын субъект катары адеп-ахлактык иш-аракетке болгон жөндөмдүүлүгүнүн карама каршысы болуп саналат. Бул болбосо, адамдын адеп-ахлактык иш-аракетке

болгон жөндөмдүүлүгү мүмкүн эмес болмок жана ааламдын максаттуу табияты бузулуп калмак. Кайрадан эле, цинизмден качып кутулуу мүмкүн болмок эмес. Жаратуунун максаты болуш үчүн – бул керектүү түрдө Кудайды Кудай деп жана Анын иши мааниси жок бекер иш эмес экенин түшүнүп кабыл алуу – жаратуу ийкемдүү, өзгөртүүгө




*Ибрахимдин жер кото껩уулары*

*Ибрахим, Хажар жана Исмаилдин Меккеге көчүп барuусу*

*Жакып Харанга; кайра кайтып келе жатканда анын баласы Юсуф Араб караваны менен Египетке алып кетилет*

*Якуб балдары Египетке барып, Хебронго кайтып келишет*

*Меккеликтердин жана еврейлердин келип чыгышы (б.з.ч.1800-622 б.з.)*

ылайыктуу, адамдын максатын чагылдырып туруу үчүн анын түзүлүшү, шарттары жана байланыштары дагы өзгөрүүгө ылайыктуу болуш керек.
Бул бардык жандыктарга тиешелүү, адамдын физикалык, психикалык жана руханий табиятына дагы. Бардык жандыктар бул милдеттүү нерсенин, Кудайдын буйругун аткарууга тийиш экенин түшүнө алышат, бул ааламда жана ушул убакытта абсолютту.

**Жоопкерчилик жана сындоо**

Эгерде адам өзүн, коомун жана айлана-чөйрөсүн Кудайдын үлгүсүнө ылайык болуу үчүн милдеттүү болуп, аны аткара алса жана анын иш-аракетинин объекти ийкемдүү болуп, анын иш-аракеттерин жана максатын кабыл алса, анда ал жоопкерчиликтүү деген муктаждык менен коштолот.

***Меккеликтер жана еврейлер аталаш бир туугандар. Экөө тең Төмөнкү Месопотамиядагых Урдагы Ибрахимден тарашкан. Өз элинин бутпарастыгына каршы чыгып, алардын ага карата болгон айыптоосунан керемет жол менен качып кутулуп, Ибрахим Амурру уруусуна кошулуп, Кананга келет. Ал улуу баласы Исмаилди Меккеге жайгаштырып, Каабаны курушат жана Исмаил Меккеде Курайш уруусун түптөйт. Ибрахимдин башка баласы, Исхак жана анын тукумдары Каннанга жайгашууга умтулуп, бирок миң жылдар бою ийгиликке жетишкен эмес, алар ал аймакта тентип же Египетке кетишкен. Алар кийинки миң жылда гана Кананга отуруктащып, бирок канандыктар менен аралашып кетишкен. Алардын Кананда калуусу жаман аяктап, андан аман калгандар дүйнө жүзүнө тарап кетишкен.***

Адеп-ахлактык милдеттерди жоопкерчиликтүү мамиле менен аткаруу керек. Адам жоопкерчиликтүү болуп же кылган иштерине эсеп бермейинче, цинизмден дагы деле качып кутулуу мүмкүн болбойт. Эстүүлүк же жоопкерчиликти аткаруу адеп-ахлактык милдеттин керектүү шарты болуп саналат. Ал “нормативдүүлүк” табиятынан келип чыгат. Эсеп берүү мейкиндик-убакытта же анын аягында болобу ал маанилүү эмес, бирок ал болушу керек. Кудайга баш ийүү деген бул Анын буйруктарын аткаруу, *фалахка* же ийгиликке, бактылуулукка жана жеңилдикке жетүү. Андай кылбаса, Ага акарат кылуу, жазалоого, азап чегүүгө, бактысыздыкка жана ийгиликсиздиктердин азаптарына дуушар болуу.


# *ТАУХИД* ЦИВИЛИЗАЦИЯНЫН ӨЗӨГҮ КАТАРЫ

Ислам цивилизациясынын өзөгү катары *таухид* эки аспектке же тарапка ээ: методологиялык жана мазмундук. Биринчиси цивилизациянын биринчи принциптерин колдонуу, киргизүү формаларын аныктайт; экинчиси болсо биринчи принциптердин өзүн аныктайт.

## Методологиялык тарап

Методологиялык тарап үч принципти камтыйт, алар биримдик, рационалдуулук жана сабырдуулук. Булар Ислам цивилизациясынын формасын аныкташат.

**Биримдик.** Биримдик жок цивилизация болбойт. Цивилизацияны түзгөн элементтер бири бири менен биригип, чырмалып, гармонияда болмоюнча алар цивилизация эмес, үймөлөктөнгөн эле бир кошунду болуп калат. Ар түрдүү элементтерди бириктирип турган принцип керек жана аны толуктап туруу эң маанилүү. Мындай принцип элементтердин бири бири менен байланыштарынын кошундусун артыкчылык деңгээлдери же маанилүүлүк деңгээлдери ачык түшүнүктүү болгон ырааттуу түзүмгө айлантат. Ислам цивилизациясы элементтерди ырааттуу түзүмгө коюп жана алардын жашоосун жана байланыштарын бир түрдүү үлгүгө карап башкарып турат. Өз алдынча элементтер өз же чет жактан келип чыгышы мүмкүн. Чындыгында, кээ бир жат элементтерди кабыл албаган цивилизация жок. Маанилүүсү, бул цивилизация ошол элементтерди сиңирип, алардын формаларын жана байланыштарын өзгөртүп, өз тутумуна кошуп алуу болуп саналат. Аларды өз түзүлүшүнө ылайыктап "түзүп алуу" аларды мурункудай өз алдынча эмес, алар кошулган жаңы цивилизациянын интегралдуу бөлүгү катары жаңы чындыкка айлантуу болуп саналат. Бул мындай элементтери бар цивилизацияларга карата каршы келтирилген жүйө эмес, бирок бул мындай жат элементтерди өз тутумуна өзгөртпөстөн, өз түзүлүшүнө карап түзбөстөн жөн гана кошуп алган цивилизацияларга карата болгон күчтүү жүйө болуп саналат. Ушуну менен,



элементтер цивилизация менен чогуу болушат. Алар органикалык түрдө ага таандык эмес. Бирок эгерде цивилизация аларды өзгөртүп, өз тутумуна кошо алса, анда кошуу процесси жашоого ыңгайлуулуктун, динамизмдин жана креативдүүлүктүн көрсөткүчү болуп калат.



*Куран китеби*

Бардык интегралдуу цивилизацияда жана албетте Исламда дагы, аны түзгөн элементтер, материалдык болобу, структуралык болобу, же шарттуу болобу, алардын баары жогорку принцип менен байланып турат. Ислам цивилизациясында мындай жогорку принцип *таухид* болуп саналат. Ал мусулмандын акыркы өлчөө өзөгү болуп, анын жол көрсөткүчү жана башка диндер жана цивилизациялар, жаңы далилдер же кырдаалдарга туш болгондо ченөлчөм болуп саналат. Ал менен макул болгон бардык нерсе кабыл алынып, кошулат. Ал эми тескерисинче, ага каршы болгондор четтетилип, жек көрүнөт.

*Таухид* же абсолюттук биримдик, Кудайдын улуктугу доктринасы – Ал гана сыйынууга жана кызмат кылууга татыктуу дегенди билдирет. Момун адам өз жашоосун бул принцип менен жашайт. Ал өз иш-аракеттерин бул үлгүгө карап түзүп, ыйык максатты аткарууга умтулат. Ошондуктан анын жашоосу анын акылы менен буйругунун, анын кызматынын уникалдуу объектинин биримдигин көрсөтүп турушу керек. Анын жашоосу башаламан болгон окуялардын тизмеси эмес, бирдиктүү бир принципке таянып түзүлөт. Ошентип анын жашоосу бир стильге, интегралдуу формага ээ, ал – Ислам.

Рационалдуулук. Методологиялык принцип катары, рационалдуулук Ислам цивилизациясынын озөгүнүн бир бөлүгү болуп саналат. Ал үч эрежеден же мыйзамдан турат: биринчиси, реалдуулукка туура келбеген бардык нерсени четке кагуу; экинчиси, чеги жок карама-каршылыктардан баш тартуу; үчүнчүсү, жаңы жана/же каршы далилдерге ачык болуу. Биринчи эреже мусулмандарды жеке ойдон, тагыраагы текшерилбеген, далилденбеген билдирүүлөрдөн коргойт. Далили жок билдирүү, Куран боюнча *занн* же алдамчы билим болуп саналып, Кудай тарабынан тыюу салынат. Мусулман чындыкты гана айткан адам катары аныкталат. Экинчи эреже аны бир жагынан жөнөкөй карама-каршылыктан, экинчи жагынан парадокстон


коргойт. Рационалдуулук акылды ачылыштан артык дегенди билдирбейт, ал алардын ортосундагы такыр эле карама-каршы болгон нерселерди четке кагууну билдирет.



*Мединадагы Пайгамбардын мечити*

Рационалдуулук каралбай калган жактар бар деп эсептеп, карама-каршы болгон тезистерди кайра кайра изилдеп турат. Ошондой эле, рационалдуулук ачылышты окуп жаткан адамды – ачылыштын өзүн эмес, дагы бир жолу окууга түртөт, анткени ачык эмес, же так эмес маанини калтырып кеткендей сезилип, кайра карап чыкканда белгилүү бир карама-каршылыкты жок кылат деп ишенет. Акылга жана түшүнүүгө мындай кароо ачылыштын өзүн айкалыштыруу натыйжасын бермек эмес – ачылыш адамдын бардык манипуляциясынан жогору турат! – бирок мусулмандын адамдык түшүнүүсү же аныктамасын. Бул анын түшүнүүсүн жана ачылышты акыл менен башкарылбаган топтолгон далилдер менен туура келүүгө түртөт. Карама-каршы болгон же парадокстуу нерсени туура деп кабыл алуу акыл-эстин алсыздыгын көрсөтүп турат. Акыл-эстүү мусулман рационалист болот, анткени ал чындыктын эки булагын, тагыраагы ачылыш менен акылдын биримдигине ишенет.

Үчүнчү эреже, жаңы же каршы далилдерге ачык болуу, мусулмандарды тууроодон, фанатизмден жана токтоп калууга алып келген консерватизмден коргойт. Ал аны интеллектуалдык жөнөкөйлүккө түртөт. Ал аны ал макул болгон жана четке каккан билдирүүлөрүнө *“Аллаху аълам”* (Аллах жакшыраак билет!) деген фразаны кошууга мажбур кылат. Анткени, чындык ал билгенден дагы чоңураак экенине ишенет.




*Б.з.ч.биринчи миң жылдык: Идеализмсиз күч жана турбуленттүүлүк*


*Б.з.ч. биринчи миң жылдыкта Араб театры дүйнөлүк империялардын көтөрүлүшүн жана кулашын көрдү: Ассириялык, Экинчи Вавилондук, Эллинисттик жана Рим.*
*Он эки мамлекеттин бири дагы миссиялык сезимге ээ болгон эмес.*

Кудайдын абсолюттуу биримдигин далилдөө сыяктуу эле, *таухид* чындыктын биримдигин далилдеп турат. Анткени Исламда Кудай чындык болуп саналат. Анын биримдиги чындыктын булактарынын биримдиги болуп саналат. Кудай адам билим алган жаратылышты Жаратуучу болуп эсептелет. Билимдин объекти жаратылыштын үлгүлөрү болуп, Кудайдын эмгеги болуп саналат. Албетте, Кудай алардын ээси болгондон кийин аларды жакшы билет жана ошол сыңары эле Ал ачылыштын булагы болуп саналат. Ал адамга Өзүнүн билиминен берет жана анын билими абсолюттуу жана универсалдуу. Кудай туура эмес жолго жетелөөчү карасанатай агент же алдамчы эмес. Адамдар сыяктуу билимин, өз эркин же чечимдерин оңдогондой Ал Өз өкүмүн өзгөртпөйт. Кудай кемчиликсиз жана баарын билүүчү. Ал эч качан ката кетирбейт. Андай болбосо Ал Исламдын Кудайы болмок эмес.

**Сабырдуулук.** Методологиялык принцип катары сабырдуулук азыркы учурду анын жалгандыгы аныкталганга чейин кабыл алуу болуп саналат. Ошондуктан ал гносеологияга таандык. Ал ошондой эле каалаган нерсени анын жагымсыздыгы аныкталганга чейин кабыл алуу болгон этика принцибине дагы тиешелүү. Биринчиси *саъаб* деп аталса, экинчиси *юср* деп аталат. Ал экөө тең мусулмандарды дүйнөдөн өзүнчө бөлүнүүдөн, эскичил консерватизмден коргойт. Экөө тең мусулманды жашоого ооба деп, жаңы нерселерди кабыл алууга даяр болууга үндөйт. Экөө тең жаңы маалыматты өзүнүн кылдат акылы менен, конструктивдүү аракети менен карап, ошонун негизинде өз жашоосун жана тажрыйбасын жакшыртып, өз маданиятын жана цивилизациясын алдыга жылдырууга шарттайт.

Ислам цивилизациясынын өзөгүндөгү методологиялык принцип катары сабырдуулук бул – адамдарга бир гана Кудай бар экенин жана алар Ага гана сыйынып жана Анын гана буйруктарын аткарыш керек экенин жеткирүү үчүн, аларга жаман нерселердин кесепетинен коргонуу керек экенин эскертип туруу үчүн Кудай адамдарга өздөрүнүн арасынан элчини жибергенине ишенүү болуп саналат. Бул жагынан алганда сабырдуулук бул бардык адамдарга алар чыныгы динди билүү үчүн жана Кудайдын каалосу менен буйруктарын таануу үчүн *жүйөлүү ой* берилгенине ишенүү болуп эсептелет.

Сабырдуулук бул диндердин ар түрдүүлүгү тарыхтагы ар кандай күчтөргө, ар түрдүү шарттарга, жаңылыш көз караштарга, өтө берилгендикке жана жеке кызыкчылыктарга байланыштуу экенине ишенүү. Диний ар түрдүүлүктүн артында *ад-дин аль-ханиф*, адамдарга аккультурация аларды тигил же бул динге ишенүүчү кылып койгонго чейин берилген Кудайдын эң биринчи дини турат.



*Мекке шаарындагы Кааба*

Сабырдуулук мусулмандардан диндер тарыхын ар биринин ичинен Кудайдын биринчи берилген белегин – Ал бардык жерде жана бардык мезгилде жиберген элчилерин таап чыгуу максаты менен изилдөө жүргүзүүнү талап кылат.

Адамдар арасындагы байланыштардын эң маанилүүсү болуп эсептелген динде сабырдуулук диндер арасындагы талаш-тартыштарды жана бири бирин айыптоолорду диндердин келип чыгуусун жана өнүгүшүн биргелешип изилдөөгө айлантат. Этикада кийинки маанилүү тармак *юср* мусулмандарды жашоону тануу агымдарына каршы күчтөндүрүп, аларды адам жашоосуна келген бардык кайгы азаптарга карабай чың ден соолукту, балансты жана ченем сезимин сактап калуу үчүн оптимизмдин минималдуу өлчөмү керек экенине ишендирет. Кудай Өзүнүн жараткан пенделерине “кыйынчылык менен, Биз жеңилдикти *[юср]* даярдадык” деп айтат.
Жана качан гана Ал аларга ар бир талапты изилдеп чыгууну жана айыптоого чейин жакшылап карап чыгууну буйруганда *усулийун* (юриспруденция кандидаттары) айыптоого чейин эксперимент жүргүзүүгө кайрылышкан.


*Саъаб жана юср* экөө тең *таухидден* түздөн түз этиканын метафизика принциби катары келип чыгат. Адамды өзүнүн жакшы иштери менен көрсөтө алгыдай жараткан Кудай аны эркин кылып, позитивдүү иштерге жана жашоодогу жакшы аракеттерге жөндөмдүү кылып койгон. Мындай кылуу, аныгында Ислам боюнча, адамдын жашоодогу маңызы болуп саналат.

**Мазмундук тарап**

***Таухид*** метафизиканын биринчи принциби катары. Аллахтан башка Кудай жок деп күбөлөндүрүү бул – Ал гана бардык нерсеге жашоо берген Жаратуучу, Ал ар бир нерсенин түпкү Себеби жана бардык нерсенин акыркы Аягы, Ал Биринчи жана Акыркы деп эсептөө болуп саналат. Мындай күбөлөндүрүүнү эркиндик жана ишеним менен кылуу, анын маанисин аңдап түшүнүү бул бизди курчап турган бардык нерселер жана окуялар, табияттык, коомдук же психикалык тармактарда орун алган бардык нерселер Кудайдын иши, Анын бул же тигил максаттарынын аткарылышы экенин түшүнүү болуп саналат. Ушундай болуу менен, мындай түшүнүү адамдын экинчи табияты болуп калат жана анын тирүү кезинде андан ажырагыс болуп эсептелет. Мындан кийин ал өз жашоосун ушул көлөкөнүн алдында жашап калат. Адам Кудайдын буйругун ар бир нерседе жана окуяда тааныганда, ал Кудайдын демилгесин ээрчийт, анткени ал Кудайдыкы. Муну жаратылышта байкоо бул - табигый илимдер менен алектенүү. Анткени жаратылыштагы Кудайдын демилгеси бул Кудай жаратылышка ыйгарган өзгөрүлбөс мыйзамдар. Кудайдын демилгесин өзүндө же коомдо байкоо бул гуманитардык жана коомдук илимдер менен алектенүү. Ал эми бүтүндөй аалам өзү бул

мыйзамдардын аткарылуусу болсо анда аалам мусулмандардын көзүндө Кудайдын буйругу менен башкарылган кыймылдагы тирүү театр болуп саналат. Театр өзү жана андагы бардык нерсе бул шартта түшүнүктүү. Кудайдын бирдиктиги ошондуктан Ал бардык нерсенин Себеби экенин түшүндүрөт.

Эрксизден, *таухид* жаратылышта Кудайдан башка эч кандай күч жок экенин, Анын түбөлүк демилгеси жаратылыштын өзгөрүлбөс мыйзамдары экенин түшүндүрөт. Бирок бул сыйкыр, көз байлоочулук, арбактар сыяктуу табияттагы түпкү нерселерден башка күчтүн демилгеси жокко барабар дегенди билдирет. Ошондуктан *таухид* жаратылыштын чөйрөлөрүнүн динден четтөөсү дегенди билдирет жана бул жаратылыш илиминин абсолюттук түрдө биринчи шарты болуп саналат. *Таухид* аркылуу жаратылыш алгачкы диндин кудайларынан жана рухтарынан ажыратылган. *Таухид* биринчи болуп диний-мифтик аң-сезимдин өсүп, жаратылыш илимдеринин жана цивилизациянын диний көз караште өнүгүүсүн шарттап, дагы бир жолу ыйыктык менен жаратылыштын байланышын жарыялады.




*Улуу Александрдын жортуулдары*

*Таухид* жаратылыш илимдери менен цивилизациянын душмандары болгон ырым-жырым же мифтердин карама-каршысы болуп эсептелет. Анткени *таухид* себеп жиптерин чогултуп, аларды сыйкырдуу күчтөргө эмес,

Кудайга кайрып берет. Мындай кылуу менен бардык окуяда же нерседе себептик күч пайда болуп, бири бири менен эмпирикалык түрдө же себептер аркылуу байланышта болгон уланууччу жип пайда болот. Ошол жип акыры Кудайга таандык болуш үчүн андан башка күч анын себептик күчүн же натыйжалуулугун көрсөтүүгө тоскоол болбошу керек. Бул өз учурунда бөлүктөр арасындагы байланыштарды себептүү деп эсептеп, аларды эмпирикалык изилдөөгө жана орнотууга түртөт. Жаратылыштын мыйзамдары Кудайдын кайталангыс үлгүлөрү экени Кудай жаратылыш байланыштарын себептер аркылуу башкарат дегенди түшүндүрөт. Ошол себептик туруктуулук анын изилдөөсүн жана ачылышын, ошондон улам илимди мүмкүн кылат. Илим бул жаратылыштагы мындай кайталанган себептүүлүктү издөө, анткени себептүү байланыштагы себептер башка байланыштарда дагы бар. Алардын пайда болуусу - жаратылыш мыйзамдарынын пайда болушу.

*Таухид* этиканын биринчи принциби катары. *Таухид* Кудай адамды Өзүнө сыйынып, Ага кызмат кылуу үчүн жараткан деп далилдейт. Бул адамдын жердеги жашоосунун максаты Кудайга баш ийип, Анын буйруктарын аткаруу дегенди билдирет. *Таухид* ошондой эле бул максат адам Кудайдын жердеги орун басары дегенди билдирет деп эсептейт. Анткени, Кудай адамга асман менен жер көтөрө алгыс ишеним атрттырган. Ыйык ишеним бул Кудайдын эркинин этикалык жагын аткаруу болуп, ал эркиндикте ишке ашырылыш керек, муну адам гана кыла алат. Ал эми Кудайдын эрки жаратылыш мыйзамына муктаждык аркылуу аткарылса анда ал адеп-ахлактык эмес, элементтүү же практикалык болуп калат. Адам гана аны кылуу же кылбоо же башка ага каршы келген нерсени кылуу укугунун алкагында ишке ашыра алат. Адамдын Кудайдын буйругун аткаруудагы ушул эркиндиги аны ишке ашырууну адеп-ахлактык кылат.

*Таухид* Кудай пайдалуу жана максаттуу болгондуктан адамды жөн эле жараткан эмес деп эсептейт. Ал ага сезимдерди, акыл-эсти жана түшүнүү жөндөмүн берип, аны кемчиликсиз кылган – аныгында Өз рухунан үйлөгөн – аны ошол чоң жоопкерчиликти аткарууга даярдоо үчүн.

Мындай чоң милдет адамдын жаралуусуна себеп болуп эсептелет. Бул адам жашоосунун, анын аныктамасынын жана жердеги жашоосунун маңызынын акыркы чеги. Анын күчү менен адам зор мааниси бар эбегейсиз чоң милдетти өзүнө алат. Аалам адамдын адеп-ахлактык аракетинин объекти болгон Кудайдын эрки жок өз алдынча боло алмак эмес жана ааламдагы башка эч бир жандык бул иште адамды алмаштыра албайт. Адам Кудайдын эрки мейкиндик-убакыт чөйрөсүнө кирип, тарыхка айланчу ааламдык көпүрө болуп саналат.

Адамга артылган жоопкерчиликтин же милдеттин (*таклиф*) чеги жок. Ал өзүнө бүтүндөй ааламды камтыйт. Бүтүндөй адамзаты адамдын адеп-ахлактык иш-аракетинин объекти болуп саналат. Бүтүндөй асман жана жер анын театры, анын материалдык бөлүгү. Ал ааламдын ар бир бурчунда болуп

жаткан нерселерге жооптуу. Анткени адамдын *таклифи* же милдети универсалдуу, ааламдык. Ал Улуу Сот Күнүндө гана бүтөт.

*Таклиф*, Ислам боюнча, адамдын адамкерчилигинин, анын мааниси менен мазмунунун негизи болуп саналат. Адамдын бул жүктү кабыл алуусу аны башка жандыктардан, жадагалса периштелерден дагы жогору деңгээлге коет. Анткени ал гана жоопкерчиликти кабыл ала алат. Бул анын ааламдык маанилүүлүгүн түзөт. Айырмачылыктар дүйнөсү Исламдын бул гумандуулугун башка гумандуулуктардан бөлүп турат. Мисалы грек цивилизациясы батыш Кайра жаралуу доорунан бери үлгү катары колдонуп келген күчтүү гумандуулукту жараткан. Ашыкча натурализмге негизделген грек гумандуулугу адамды, анын жаман жактарын дагы өйдө коюп, аздектеген. Ошон үчүн гректер өз кудайлары алдамчы, бири бирине каршы жаман иштерди уюштурган, зынакорлук, уурулук, агрессия, көрө албастык, кызганыч жана өч алуу жана башка мыкаачылык аракеттерди жасоочу катары көрсөтүлгөндө таарынышкан эмес. Адам жашоосун түзгөн нерсенин бир бөлүгү болуу менен мындай иш-аракеттер жана кумарлар жакшы сапаттар жана артыкчылыктар сыяктуу эле табигый деп эсептелинген. Жаратылыштай эле, экөө тең бирдей ыйык, өз эстетикалык түрүндө карала алган, кудайларды апофеоз катары санаган адамдар туурай алчу жана суктанууга татыктуу деп эсептелген. Христианчылык, экинчи жагынан, ушул грек-рим гумандуулугуна реакция кылуу менен калыптануу этабында болгон. Ал адамды “түпкү күнөө” менен басынтып жана “бузулган жандык” деп жарыялап, карама-каршы чекке барган.




*“Бисмиллахи ар-Рахмани ар-Рахим” күзгүлүү симметриялуу дизайнда (Сүрөт Л.аль-Фарукиники)*

Адамды абсолюттук, универсалдуу, тубаса жана милдеттүү түрдө күнөкөр абалга тушүрүү, ал абалдан чыгуу эч бир адамдын колунан келбестиги, Кудай Өзүн тирилтип, азап чегип жана адамдардын күнөөлөрү үчүн өлүш керек деген логикалык шарт болгон. Башкача айтканда эгерде Кудай адамдардын күнөөлөрүн жууш керек болсо анда кыйынчылык ушунчалык абсолюттук болуп, андан Кудай гана алып чыга алыш керек. Адамдын бул күнөөсү Кудайды жыгачка кадоого "татыктуу" кылыш үчүн абсолюттащкан.

Индуизм адамзатын касталарга бөлүп, адамдардын көпчүлүгүн эң ылдыйкы класска кошкон – эгер алардын түбү Индиялык же *малича* болсо "кол тийгис" диний жактан таза эмес же дүйнө менен булганган. Ал эми эң ылдыйкы жана башка касталарга бул жашоодо эң жогорку, артыкчылыгы бар Брахмин кастасына жетүү мүмкүн эмес, мындай жылуу өлгөндөн кийин гана жандардын көчүүсү аркылуу боло алат. Бул жашоодо болсо адам сөзсүз түрдө ал төрөлгөн кастага гана таандык боло алат. Этикалык умтулуу ал тирүү кезде эч кандай жыйынтык бербейт. Акыры, Буддизм бардык адамдарды жана башка жаратылган жандыктарды түбү жок азап тартуу деп сындаган. Ал жашоо өзү эле азап тартуу жана адамдын жалгыз гана маанилүү милдети бул акыл аракети жана тартип аркылуу андан бошонууга умтулуу деп эсептеген.
*Таухиддин* гана гумандуулугу чыныгы болуп саналат. Ал адамды адам жана Кудайдын жаратылган нерсеси катары сыйлап, аны кудайындай көрүп аздектеп же каралабайт. Ал гана адамдын баркын анын жакшылыктарына карап аныктап, Кудай берген ички жөндөмдөргө басым жасоо аркылуу аны баалап баштайт. Ал гана адам жашоосунун жакшы жактарын жана идеалдарын табигый жашоого карап аныктап, аларды четке какпай, ошону менен өзүнүн гумандуулугун адеп-ахлактык жана жашоо-ырастоочу кылат.

*Таухид* таанып-билүүнүн биринчи принциби катары. *Таухид* Кудай адамдарды өз иштери аркылуу адеп-ахлактык жактан татыктуу экенин далилдей алгыдай кылып жараткан деп ырастайт. Эң жогорку жана акыркы Сот катары Ал адамдардын кылган бардык иштери эсептелинет деп эскерткен, алардын жакшы амалдары сыйланып, жаман иштери жазаланат. Андан ары *таухид* Кудай адамды жерди колдоно алганга, анда басып, анын жемиштерин жеп, анын жакшылыгынан жана кооздугунан ырахат алып, аны жана өзүн гүлдөтүүгө жиберген деп эсептейт. Бул дүйнөгө болгон көз караш: дүйнөнү ал күнөөсүз жана жакшы, аны Кудай жараткан жана Ал аркылуу адамдарга колдонууга буюрулган үчүн кабыл алуу. Чындыгында, дүйнөдө бардык нерсе, күндү жана айды кошуп, адамга баш ийип турат. Бардык нерсе театр жана анда адам өзүнүн этикалык иш-аракетин аткарып, ошону менен Кудайдын эркинин жогорку бөлүгүн ишке ашырат. Адам өз инстинкттерин жана муктаждыктарын канааттандырууга жоонтуу жана ар бир адам ошол эле канааттандырууга бардык адамдарга милдеттүү. Адам жалпы адамзатынын


адамдык ресурстарын мүмкүн болгон жогорку деңгеелге жеткирүүгө милдеттүү. Ал жерди жемиш багына жана бакчаларга айлантууга милдеттүү. Ал эгерде керек болсо күндү жана айды изилдей алат. Албетте ал жаратылыш үлгүлөрүн, адам психикасын, коомду таанып, окуш керек. Анан албетте ал эгерде Кудайдын сөзү улуу болгон дүйнө бакчага айлана турган болсо аны өнүктүрүп, индустриялаштырыш керек.




*Улуу Александрдын империясы*

Мындай көз караш чыныгы цивилизациянын жаратуучусу болуп саналат. Ал цивилизацияны түзгөн элементтерди пайда кылып, анын өсүшүнө керек болгон коомдук күчтөрдү дагы пайда кылат. *Таухид* – бул кечилдикке каршы, обочолонууга каршы, дүйнөнүн жыргалчылыктарынан баш тартууга каршы, аскетизмге каршы. Экинчи жагынан, дүйнөгө көз караш дүйнөнү жана жаратылышты эч суроосуз эле кандай болсо ошондой кабыл алуу дегенди билдирбейт. Адамдын иш-аракетин көзөмөлдөө үчүн принцип жок болсо, дүйнөнү жана жаратылышты кабыл алуу бир эле баалуулукка, элементке же күчкө умтулуп, башкаларды унутуп калуу менен өзүнө каршы турат. Адамдын умтулуусун шашып, кумарга алдырып, ач көздүккө берилип же адамдын көзкорлугуна алдырып эмес бардык баалуулуктар бир тутумдун ичинде, бирдей аткарылышын тартипке салып балансташ туруу эң керектүү шарт болуп саналат. Андай болбосо умтулуу трагедияга же үстүртөндүккө учурап же болбосо чыныгы шайтан күчүнүн чыгышына жол бериши мүмкүн.

Мисалы, грек цивилизациясы анын дүйнөгө умтулуусун ашырып жиберген. Ал жаратылыштагы бардык нерсе сөзсүз түрдө жакшы, ошондуктан ага умтулууга жана ишке ашырууга татыктуу деп эсептеген. Ошондуктан ал чыныгы кааланган нерселер, чыныгы кызыкчылыктын объекти өзү эле жакшы, анткени каалоо өзү табияттан болгондуктан жакшы деп жарыялаган. Жаратылыш көп учурда өзүнө каршы турарын жана анын элементтерин же каалоолоруна умтулуу бири бирине каршы келери биринчи ойду карап кылдат карап чыгууга түрткү болгон эмес. Жаратылыштын бардык агымдарын жана каалоолорун камтыган табияттан тыш принцип болуп, анын алкагында алардын карама-каршылыктарын жана айырмачылыктарын түшүнүү керек экенин жакшы түшүнүү керек. Бирок бул чындыкты түшүнүүнүн ордуна, грек цивилизациясы табияттын кооздугуна өтө эле мас болуп, натурализмдин кайгылуу натыйжасын табигый деп эсептеген. Кайра жаралуу доорунан бери азыркы батыш цивилизациясы трагедияга чоң маани берип келген. Анын натурализмге болгон умтулуусу жаратылышты адеп-ахлагы жок табияттан тыш кубулуш катары кароого алып келген. Батыш адамынын күрөшү чиркөөгө жана ал чагылдырган бардык нерсеге каршы болгондуктан адамдын илимдеги өнүгүүсү анын торунан бошоо сыяктуу түшүнүлгөн. Ошондуктан, натурализмди же дүйнөнү кабылдоону абсолюттук булактан келип чыккан нормативдүү байланышка байланган нерсе катары түшүнүү абдан кыйын болгон. Мындай байланыштар жок натурализм өзүнө каршы чыгууга, өз ара конфликт менен аяктоого дуушар болот. Олимп коому өз ара тынчтыкта жана шайкештикте жашай албай, өзүн өзү жок кылууга туура келген. Анын дүйнөгө болгон көз карашы курулай болгон.



*Каллиграфиялык дизайн*
*( Аллах сөзүнүн сегиз жолу кайталанмасы).*
*[Сүрөт Л.аль-Фарукиники]*

Туруктуу, өзүн өзү калыбына келтире алган салмактуу цивилизацияны жаратууга адеп-ахлактуулук дүйнөгө болгон көз карашка кепилдик болуп эсептелет. Чындыгында, чыныгы цивилизация бул ички мазмуну же баалуулуктары жашоого жана дүйнөгө, убакытка жана тарыхка, акыл-эске жакын эмес табияттан тыш адеп-ахлактуулук менен башкарылып турган дүйнөгө болгон көз караш болуп эсептелет. Мындай адеп-ахлактуулукту адамга тааныш идеологиялардын ичинен бир гана *таухид* бере алат.


*Таухид* социализмдин биринчи принциби катары. *Таухид* “силердин умма бул Кудай Башкаруучу болгон жалгыз умма. Ошондуктан Ага сыйынып, кызмат кылгыла.” деп жарыялайт. *Таухид* момун адамдар чындыгында бир тууган болуп, бири бирин Кудай үчүн жакшы көрүп, бири бирин адилеттүүлүккө түртүп жана сабырдуу болууга чакырат; алар Кудайдын жолуна бирге түшүп, бири биринен ажырабайт, бири бири менен эсептешип, жакшы нерселерден ырахат алып, жаман нерселерге тыюу салышат жана Кудайга жана Анын Элчисине баш ийишет дегенди билдирет.

*Умманын* көз карашы, эрки жана иш-аракети бир. *Умма* акыл, жүрөк жана колдун үч тараптуу бир пикирдүүлүктөн турган адамдардын түзүлүшү. Алардын оюнда, чечиминде, мамилесинде жана мүнөзүндө жана колдорунда бир пикирдүүлүк бар. Ал теринин өңүнө же этникалык келип чыгууга карабаган универсалдуу тууганчылык. Анын көз карашында бардык адамдар бирдей, бир гана такыбалык жагынан айырмаланып турат. Эгерде анын бир мүчөсү жаңы нерсе үйрөнсө, аны башкалар менен бөлүшүү анын милдети болуп саналат. Эгерде кимдир бирөө тамак-ашка же комфортко ээ болсо, ал аны башкалар менен бөлүшүш керек. Эгерде кимдир бирөө ийгиликке жетсе, анын милдети башкаларга дагы ошондой ийгиликке жетүүгө жардам берүү болуп саналат.

Ошондуктан, *умма* жок *таухид* болбойт. *Умма* билимдин, этиканын, адам халифатынын, дүйнөгө болгон көз караштын каражаты болуп эсептелет. *Умма* бул жадагалса ишенбеген адамдарды дагы камтыган универсалдуу түзүм. Ал тынчтыктын, *Ислам Дүйнөсүнүн*, чындыкка ишенүүгө, идеялар, буюмдар, байлык же адамдар эркин жүргөн дүйнө түзүлүшүнө умтулган адамдарга жана топторго ачык болгон түзүм. *Ислам Дүйнөсү,* улуттук принциптер менен үзгүлтүккө учураган жана бузулган, “чоң күчтөрдүн” басымына кабылган кечээки бала сыяктуу болгон Бириккен Улуттар Уюмун ашып өткөн улуттар аралык түзүм. Бул принциптер, өз кезегинде “улуттук суверенитетке” негизделет, анткени ал Чиркөө жарым-жартылай аткарып келген универсалдуу коомдун идеалдуу деп эсептелишин жок кылган жана Европанын идеологиялык тарыхынан келип чыккан. Бирок улуттук суверенитет аксиологиялык жана этикалык релятивизмге негизделет.

Бириккен Улуттар Уюму эгерде өлкөлөр арасындагы согуштун терс таасирин токтотуп же алдын ала алса ийгиликтүү болуп эсептелет. Ошондо дагы, ал алсыз уюм, анткени аны Коопсуздук Кеңешинин “чоң күчтөрү” курал менен

камсыздамайынча, анын өз алдынча армиясы жок. Тескерисинче, Ислам дүйнөсү *Хижранын* биринчи күндөрүнөн бери Мединанын пайгамбары тарабынан туруктуу түзүлгөн. Ал Мединанын еврейлеринин жана Нажрандын христиандарынын өз улутун жана диний, коомдук жана маданий түзүлүштөрүн сактап калууга кепилдик берип, аларды дагы камтыган. Тарыхта азчылыктарды сыйлаган Ислам өлкөсүнүн конституциясындай башка жазылып калган конституция жок. Мединанын конституциясы он төрт кылым бою ар кандай Ислам өлкөлөрүндө күчүндө болуп, Чынгыз Хан жана Батый сыяктуу ар түрдүү диктаторлорго жана көтөрүлүштөргө туруштук берген!




*Селевкид империясы*

*Умма,* ошондуктан, коомдук эле эмес, дүйнөлүк түзүлүш. Ал Ислам цивилизациясынын негизи, анын милдеттүү шарты. Адам акылы менен Хай ибн Якзандын аты жана иши аркылуу көрсөтүү менен философтор Хай өзүнүн аракети менен Исламдын чындыгын жана *таухиддин* маңызын табууга жеткен деп табышкан. Мындай кылуу менен, Хай *умманы* дагы табууга аргасыз болгон. Ал өзүнө көңдөй сөңгөктөн кайык жасап, белгисиз океанга *умманы* табуу үчүн бет алган, ал жок анын билими чындыкка дал келмек эмес.
*Таухид*, кыскача айтканда, *уммалык*.




*Малайзия, Куала Лумпурдун ортосунда жайгашкан Ас Сиакирин мечитинин эң кооз жасалгасы*

*Таухид* эстетиканын биринчи принциби катары. *Таухид* кудайчылыкты жаратылыштын бардык чөйрөсүнөн алып таштоо дегенди билдирет. Жаратылган ар бир нерсе – бул мейкиндик менен убакыттын мыйзамдарына баш ийген, артык эмес жандык. Эч бир нерсе Кудай же кудайлык боло албайт, өзгөчө *таухид* монотеизмдин маңызы катары четке кагылган онтологиялык маңызда боло албайт. Кудай жаратылгандан, жаратылыштан таптакыр башка, ошондуктан ал Эң Мыкты. Ал жалгыз жана Кемчиликсиз. *Таухид* андан ары, Ага эч ким окшобойт жана ошол себептен жаратылган эч бир нерсе Ага окшоштурулуп, анын символу катары көрсөтүлө албайт деп далилдейт. Эч нерсе Аны сүрөттөй албайт. Акыйкатта, Ал сүрөттөөдөн жогору. Кудай эч кандай эстетикалык туюмга ээ эмес. Эстетикалык тажрыйба сезимдер аркылуу алынган тажрыйба, кайсы бир нерсенин нормативдүү принциби катары болгон табигый өзөк. Көрүнүп турган нерсе бул өзөккө канчалык жакын болсо, ал ошончолук кооз болот. Ал эми жандуу жаратылышта, өсүмдүктө, жаныбарда жана өзгөчө адамда кооз болгон нерсе бул априордук өзөккө болушунча жакын болуу, аны сындаган ар бир адам жаратылыш ачык, кооз түрдө эстетикалык нерсе, кооз нерсе жаратылыш айткысы келген нерсе, анткени ал миңден бир болот деп эсептөөдө туура болмок. Искусство бул жаратылыштагы ошол табигый өзөктү таап чыгып, аны көрсөтүү. Албетте, искусство жаратылган жаратылышты тууроо дагы, *натура натуратанын* сенсордук чагылдырышы эмес. Сүрөт аркылуу чагылдыруу иллюстрацияга же документтештирүүгө, өздүктү аныктоодо баалуу болушу мүмкүн. Искусство катары бул пайдасыз. Искусство бул жаратылыштагы жаратылыштык эмес өзөктү көрүп, ага таандык болгон маңызды берүү.

Ушуга чейин аныкталып жана анализденип келген искусство жаратылыштагы ага таандык эмес нерсени таап чыгуу. Бирок жаратылышка таандык эмес нерсе трансценденттик. Андан сырткары, эстетикалык

баалоонун объекти болгон априордук өзөк нормативдүү жана кооз болгондон кийин, адамдын эмоцияларына өзгөчө таасир берет. Ошондуктан адамдар сулуулукту жакшы көрүшөт жана аны менен аныкталышат. Адам табиятында сулуулукту көргөн сайын априордук метатабигый өзөк болгон адамгерчилик трансценденттүү деңгээлге көтөрүлөт. Бул так гана ошол гректер атаган апофеоз же адамдын кудайлыкка кубулуусу болуп саналат. Адамдар мындай кубулган адамдарды жакшы көрүп, аларды кудай катары саноого өзгөчө жакын. Азыркы батыш адамы метафизика боюнча кудайлыкты колдобойт. Ал эми этика жана жүрүм турум боюнча ал адамдык кумарлар жана тенденцияларын идеалдаштыруудан келип чыккан “кудайлар” анын иш-аракетинин чыныгы аныктамалары болуп эсептелет.

.




*Птолемей мамлекети*

Бул эмне үчүн байыркы гректер арасында кудайларды адам элементтеринин, сапаттарынын же кумарларынын апофеоздору катары, визуалдык түрдө айкелде жана поэзия менен драмадагыдай элестетүү түрүндө көрсөтүү эң алдыңкы эстетикалык умтулуу болуп саналганын түшүндүрүп турат. Алар чагылдырган нерселер, кудайлар кооз жана сулуу болгон, анткени алар адам табиятын идеалдаштыруу болуп эсептелген. Алардын сулуулугу алардын башка кудайлар менен болгон ички конфликтти жашырган эмес,

анткени ар бири ыйык, табияттан тыш деңгээлге чейин көтөрүлгөн чыныгы жаратылыштын объекттери болгон.

Грек алсыздоосунун театры болгон Римде гана жогорку грек айкел исккусствосу ар түрдүү падышалардын реалисттик, эмпирикалык сүрөттөөсүнө өткөн. Бирок ал жакта дагы, падышаларды кудайга теңөө болгон. Теория кылымдар бою таза бойдон калган Грецияда драма искусствосу скульптура менен кошо башкы каармандар катышкан окуялар сериясы аркылуу кудайлардын бири бири менен болгон түбөлүк конфликттерин чагылдыруу үчүн өнүккөн. Негизги максат болуп алардын адамдык, бирок суктануунун булагы болгон жеке мүнөздөрүн чагылдыруу болуп эсептелген. Эгерде алардын көзүнчө ачылган драматикалык окуялардын аягы кайгылуу болсо, ал керектүү жана табигый болуп эсептелген.



*Көк мечит, Стамбул, Түркия.*

Анын муктаждыгы анын найзасын алып салып, катарсис аркылуу ал алардын күнөөлөрүн алып салууга жардам берген. Ошондуктан Грецияда жаралып, такшалган трагедия өнөрү адабий өнөрлөрдүн жана ошондой эле бардык

гуманитардык илимдердин башында болгон. Чындыктан алыс болгон билдирүүсүндө, чыгыш таануучу Г.Е.Фон Грюнебаум Исламда көркөм өнөр (скульптура, сүрөт тартуу жана драма) жок, анткени анда табиятка таандык болгон жана аны чагылдырган кудайлар, бири бири менен же шайтандар менен конфликтте болгон кудайлар жок деп айткан. Фон Грюнебаум муну Исламга болгон жеме катары айткан, бирок чындыгында бул Исламдын негизги өзгөчөлүгү болуп саналат. Анткени бутпарастыктан тыш болуу, кайсы бир жандыкты Кудайга теңөөдөн тыш болуу Исламдын кайталангыс даңкы болуп эсептелет. Бирок, бул билдирүү чыныгы болуп кала берет, анткени ал көркөм өнөрчүлүктүн, байыркы бутпарас диндердин жана батыштын инкарнациялык теологиясынын ортосундагы жакын байланышты көрсөтүп турат.

Еврейлер буга чейин Кудайдын транседенттүүлүгү бардык "чегилген сүрөттөрдү" жокко чыгарат деп ырастап, өзүлөрүн Кудайдын буйругун аткарууга, жалпы эле көркөм өнөрдөн четтөө тарыхына баш ийүүгө арнашкан. Алар Египеттин, Грециянын жана Римдин, Христианчылыктын таасири менен гана майда эмгектерди жаратышкан. Азыркы мезгилдерде, өзгөчө Наполеондун карамагынан бошоп, батыш маданиятына аралашуу менен алар түпкү семит көз карашынан четтеп, батыштын натурализмине өтүп кетишти.



*Дженедеги чоң мечит, Мали*

*Таухид* көркөм чыгармачылыкка дагы, сулуулуктан ырахат алууга дагы каршы эмес. Тескерисинче, *таухид* коoздукту жана сулуулукту барктап, аны жайылтат. Ал Кудайда жана Анын буйругу менен сөздөрүндө абсолютттук сулуулукту көрөт. Ошол себептен ал анын көз карашына төп келген жаңы искусствону жаратууга жакын болгон. Бир гана Кудай бар деген божомолдон тартып, мусулман сүрөтчүсү жаратылышта эч бир нерсе Кудайды сүрөттөп же айтып бере албайт дегенге ишенген. Стилдештирүү аркылуу ал ар бир нерсени жаратылыштан болушунча алыс алып таштаган. Чынында, жаратылыштын объектиси жаратылыштан ушунча алыс бөлүнүп салынгандыктан ал таанылгыс болуп калган. Анын колунда стилдештирүү бардык табигый нерсеге, ар бир жаратылган нерсеге "Жок" деп кесе айтуу курал болуп калган. Табигыйлыкты четке кагуу менен мусулман сүрөтчүсү Кудайдан башка Кудай жок деген билдирүүнү көрүнүктүү түрдө билдирген.




*Чыгыш Рим империясы*

Мусулман сүрөтчүсүнүн бул *шахадасы* (күбөлөндүрүү) чынында жаратылыштагы трансцеденттүүлүктү четке кагуу менен барабар. Мусулман сүрөтчүсү ошол жерден токтоп калган эмес. Анын чыгармачылыктагы жасаган секириги – бул анын, Кудайды жаратылыштын образында көрсөтүү башка нерсе, ал эми Аны сүрөттөө мүмкүн эмес экендигин образдап, көрсөтүү башка нерсе экенин түшүнгөндүгүндө болду. Кудайды, Ага мактоолор даңктар болсун – визулдык түрдө сүрөттөө мүмкүн эмес экендигин түшүнүү – адам баласынын эң чоң максаты болуп саналат.



*Мечит чырагы, Египет, б.з. 1360*

Кудай абсолюттуу, улук зат. Аны эч бир нерсе менен сүрөттөө мүмкүн эмес экенин моюнга алуу Анын улуктугун жана абсолюттуулугун олуттуу түрдө кабыл алуу болуп саналат. Аны эч бир нерсеге окшош эмес деп элестетүү жана эсептөө Аны “бардык кооз жана сулуу нерселерден башкача сулуу жана кооз” деп эсептөө. Кудайдын сүрөттөөдөн тыш болуусу Кудайга таандык болгон чексиздик, абсолюттуулук, шартсыздык. Чексиздик бардык мааниде сүрөттөлгүс болуп саналат.

Ислам оюнун бул сызыгына умтулуу менен мусулман сүрөтчүсү коздоо искусствосун ойлоп таап, аны “арабескага”, ар бир багытта чексиз болгон дизайнга айландырган. Арабеска жаратылышта ал кооздогон ар бир нерсени – текстиль, металл, ваза, дубал, шып, түркүктөр, терезе же китептин барагын ар бир багытка чексиз жайылып турчу салмаксыз, тунук, калкып турган оймолорго айландырат. Жаратылыштагы нерселер өз алдынча эмес, алар “негизсиз”. Ал көрүү талаасы гана болуп калган. Эстетикалык жактан жаратылыштагы нерселер арабесканын таасиринин алдында болуп, чексиздикке болгон терезе болуп калды. Аны чексиздикти сунуштаган нерсе

катары эсептөө – бул транседенттүүлүктүн бир маанисин түшүнүү, бир гана тан албоо түрдө берилген – ички туюм жана сенсордук чагылдыруу.

Бул эмне үчүн мусулмандар жараткан көркөм чыгармалардын көпчүлүгү абстракттуу экенин түшүндүрүп турат. Өсүмдүк, жаныбар же адамдардын фигуралары колдонулганда дагы сүрөтчү алардын жаратуучулук касиетин четке кагып, аларда табияттан тыш өзөктүн болушун дагы четке кагып көрсөткөн. Бул аракетинде ага анын лингвистикалык жана адабий мурасы жардамга келген. Ушул эле максатта ал араб жазуусун чексиз арабескага айландырып, каллиграф тандаган ар бир багытка жайылткан. Ушул эле нерсе имараттарынын фасады, бийиктиги жана кабаттардын пландалышы арабеска болгон мусулман архитекторуна дагы таандык. *Таухид* бул – геогафиялык жана этникалык жактан канчалык айырмаланбасын, бир Ислам көз карашына ээ болгон бардык искусство адамдарына бирдей болгон орток бөлүүчү болуп эсептелет.



*Мединадагы Пайгамбардын мечитинин ичи*

# ЭСКЕРТҮҮЛӨР

1. Менин “Исламдагы диний тажрыйбанын өзөгү” аттуу эмгегимдеги исламдын өзөгү жок же ал белгилүү эмес деп шек санаган чыгыш таануучуларга каршы чыкканымды карагыла, *Нумен*, 20 (1973) 186-201 б.

2. Бул жагынан *таухид* Суфизмден жана Индуизмдин кээ бир секталарынан айырмаланып, дүйнөнүн чындыгы бир гана Кудайда болуп, Кудай жалгыз гана чындык болуп, жалгыз бар нерсе болуп эсептелет. Бардык нерсе иллюзия жана анын болушу реалдуу эмес. *Таухид* ошондой эле байыркы Египет, Грек жана Даочулук көз караштарга каршы турат. Ал көз карашта Жаратуучунун бардыгы жаратылган дүйнөдө болуп эсептелет. Египет Кудайды Фараон деп эсептеп, жазында көк чөп жерден чыгып, Нил дарыясы сууга толуп, күндүн диски жылуулук жана нур тартуулайт деп эсептесе, Грек-Рим Кудайды адамдын кайсы бир деңгээлге көтөрүлүшү деп эсептеген. Экөөндө тең, Жаратуучу Ал жараткан нерселер менен алмаштырылат. Дин кызматчыларынын таасири менен Христианчылык Кудай Иисустун образында түшүп, өзүн адамдардын күнөөсү үчүн курмандыкка чалган деп айтуу менен жана Иисусту Кудай деп жарыялоо менен *таухидден* бөлүнүп кеткен. Кудай менен дүйнөнүн айырмачылыгын, Жаратуучу менен жаратылган нерселердин айырмачылыгын көрсөтүү менен алардын эки тараптуулугун белгилөө бул исламдын уникалдуу өзгөчөлүгү болуп саналат. Бул маселеде өзүнүн ачык жана ымырасыз көз карашы аркылуу Ислам Семиттик пайгамбардыктын салтынын квинтөзөгү болуп, жаратылышты четке каккан чыгыш (Индиялык) аша чапкандык менен Кудайды башка деп четке каккан батыш (Грек жана Египеттик) аша чапкан көз карашынын ортосунда алтын каражат болуп саналат.

3. Бул принцип Кудай менен адамдын ортосундагы абсолюттук онтологиялык айырмачылыкты көрсөтүп, экөөнүн инкарнация, кудайлаштыруу жана аралашуу аркылуу биригүүсү мүмкүн эмес экендигин көрсөтүп турат. Бирок бул принцип ал экөөнүн ортосундагы сүйлөшүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарбайт. Чынында ал пайгамбарлыктан ажырагыс же Кудай тарабынан адамга берилген буйруктарды аткаруу. Жана да ал, адам жандыктарды изилдеп, алардын эмне үчүн жаралгандыгы жөнүндө ойлонуп жана алардын көңүл буруууга татыктуу болгон Жаратуучусу болушу керек деген жыйынтыкка келген акыл же ички туюм аркылуу сүйлөшүүнү дагы четке какпайт. Бул ой жүгүртүү жолу. Акыркы анализде ал Кудай менен адамды онтологиялык жактан бөлүп турган жана башка адамды кудай катары эсептеген же Кудайды адам касиеттерине ээ кылган Грек, Рим, Индуисттик,

Буддисттик же Христиан теорияларынан *таухидди* айырмалап турган принцип.

4. 3:191 жана 23:116 аяттарда жазылгандай.

5. 7:15; 10:5; 13:9; 15:29; 25:2; 32:9; 38:72; 41:10; 54:49; 65:3; 75:4, 38; 80:19; 82:7; 87:2-3 аяттарында камтылган.

6. Куран 17:77; 33:62; 35:43; 48:23; 65:3.

7. "Табияттан" болгон бардык нерселер негиздүү түрдө адеп-ахлаксыз, ал сыйлоого же жазалоого татыктуу эмес. Мисалы, дем алуу, сиңирүү же кайрымдуулук же адилетсиздик иши. Ал толугу менен эркиндикте ишке ашырылган иш менен карама каршы турат.

8. Бул Кудайдын жаратуусунун кемчиликсиздигин жана адамдын адеп-ахлактуу милдетин жана жоопкерчилигин жарыялаган аяттар менен күбөлөндүрүлгөн. (жогорудагы 4 жана 5 эскертмелерди карагыла). Акыркысы саноо үчүн өтө эле көп болуп эсептелет.

9. Бул жаратылыштагы бардык нерселердин адамга баш ийип туруусун жарыялаган аяттарда берилген маани, тагыраагы 13:2; 14:32-33; 16:12, 14; 22:36-37, 65; 29:61; 31:20, 29; 35:13; 38:18; 39:5; 43:13; 45:11-12.аяттарда.

10. Курандагы көрсөтүлгөн адеп-ахлактык жоопкерчилик бардык жерде баса көрсөтүлгөн.

11. Улуу Сот Күнү тууралуу аяттар өтө эле көп, ошондуктан алардын баарын белгилөө керек эмес. Кээ бир мисалдар: адам эсепсиз калбайт (75:36), Кудайдын алдында жооп берет (88:26, 4:85).

12. Кудай адамга өз жолдошторунан шек саноого 4:156; 6:116, 148; 10:26, 66; 49:12; 53:23, 28-аяттарында тыюу салган.

13. Бул эки тилдеги ойлонуунун айырмачылыгын көрсөтүп турган грек термини араб тилинде жок. Бул грек термини христиандар тарабынан кабыл алынган акылга сыйбас догмага таандык.

14. Философтор ой жүгүртүүнү диний ачылыштан өйдө коюп, ага диний билдирүүлөрдү сындоодо артыкчылык статусун беришкен. Албетте алардын мындай кылуусу туура эмес. Ислам ойчулу ой жүгүртүүнү башкача аныктап, ошол аныктамасын башка бардык билдирүүлөрүндө божомол катары колдоно

алат. Эки аныктаманын тең жарактуулугу суроо жаратышы мүмкүн, бирок биз ислам аныктамасынын философиялык жөндөмдүүлүгүнөн же анын артыкчылыгынан шек санабайбыз. Бул жерде берилген рационалдуулук – түпкү өзүнө каршы чыгууну четке кагуу деген аныктама, адилеттүү ата-бабалардын салтын улантуу болуп дагы саналат.

15. Буга далилди негизсиз тыюу салуулардан шек кылган 5:90; 7:13; 66:1-аяттарында жана ошондой эле бардыгы макул болгон “Жазылган нерселерден башкасы харам (тыюу салынган) эмес” деген *усули* (юридикалык) принцибинде тапса болот. Ошондой эле, “Акыйкатта, Кудай силерге тыюу салынган нерселерди ачык жана так айткан” (6:119, 153) аятын дагы карап көргүлө.

16. Куран 6:42; 12:109; 13:40; 14:4; 15:9; 16:43; 17:77; 21:7, 25; 23:44; 25:20; 30:47; 37:72; 40:70.

17. Ошол эле китеп, 4:162; 35:23. “Биз сага (Мухаммед) чейин эч бир пайгамбарды жөнөткөн жокпуз, бирок Биз ага Менден башка Кудай жок экенин билдирдик. Мени жакшы көрүп, Мага кызмат кылгыла.”

18. Ошол эле китеп, 30:30

19. Ошол эле китеп, 94:6.

20. Ошол эле китеп, 49:6.

21. Төмөндөгүнү карагыла, 14-бөлүм. [*Исламдын маданий атласы* түпнускасына кайрылуу].

22. Табигый окуялар бир эле өзгөрүлбөс мыйзамдарга дайыма баш иет деген принцип кабыл алынмайынча табигый илимдер өнүккөн эмес. Бул так гана ошол табигый илимдин өнүгүшүнө ислам салым кошкон нерсе. Анын ааламды Кудайга баш ийген нерсе катары саноосу илимий духтун өсүшүнө керек болгон атмосфераны камсыздаган. Тескери ишеним, тагыраагы жаратылышта туруктуулук жок жана ал андагы эркин кудайлардын иш-аракет жүргүзүү талаасы же аны сыйкырдуу күчтөр башкарып турат деген ишеним илимге алып барбайт.

23. Кайсы бир окуяны изилдеп жана аны жеке түзүлүштөрүнө карап анализдеп жана алардын өз ара байланыштарын аныктаган тарыхтан айырмаланып табигый илимдер жалпы үлгүлөрдү, кайсы бир топтун мүчөлөрүнө колдонулган универсалдуу мыйзамдарды карайт.

24. Ошол эле нерсе адамдын жеке же жалпы жүрүм-турумун аныктап, башкарып турган мыйзамдарды орнотуу максаты болгон гуманитардык жана коомдук илимдерге дагы тиешелүү.

25. “Мен жин жана адамдарды Өзүмө сыйынып, ибадат кылуу үчүн гана жараттым” деген аятка ылайык. (Куран 51:56).

26. Ошол эле китептеги 2:30; 6:165; 10:14.

27. Ошол эле китеп, 33:72

28. Ошол эле китептеги, 15:29; 21:91; 38:72; 66:12.

29. Ыйык Августиндин терминин колдонуу үчүн.

30. Куран 11:7; 18:7; 47:31; 67:2.

31. Ошол эле китеп, 9:95, 106.

32. Ошол эле китеп, 99:7-8; 101:6, 11.

33. Ошол эле китеп, 11:61.

34. Ошол эле китеп, 2:57, 172; 5:90; 7:31, 159; 20:81; 67:15; 92:10.
Куранда Кудай айткандай: “Асмандар менен жердин чектеринен чыгууга чамаңар жетсе чыккыла, бирок Менин кудуретимсиз чыга албайсыңар” (55:33).

35. Куран 57:27. Чындыгында биз Кудайдын буйругунун алдында турабыз “Бул дүйнөдөгү дагы ырыскыны унутпа” (28:77). Кудай адамдарга Ага сыйынууну “бул дүйнөдө да, Акыретте да жакшылык алуу үчүн” үйрөткөн (2:201; 7:156). Андан сырткары, Ал эгерде алар жакшы иштерди кылышса алардын дубаларына жооп берерин айткан (16:30; 39:10).

36. Куран 21:92; 23:53.

*37. Аср сүрөсүндө*(103) жазылгандай. Ошондой эле 49:10 аятын карагыла.

38. Ошол эле китеп, 3:103.

39. Ошол эле китеп, 3:110; 5:82; 9:113; 20:54, 128.

40. Кудай 3:32, 132; 4:58; 5:95; 24:54; 47:33; 64:12 аяттарында буйрук бергендей.

*41. Хадисте* айтылгандай, Пайгамбардын акыркы ажылыгында коштошуу үчүн чогулушун цитаталоо. Үч жактуу макулдашуу менен биз коз караштын же ой жүгүртүүнүн бирдигин, эрк менен чечимдин же ниеттин макулдашуусун жана иш-аракеттин макулдашуусун түшүнөбүз.

42. Пайгамбар мусулмандарды бардык бөлүктөрү бири бирине төп келген жакшы курулган имаратка жана кайсы бир мүчөсүнө же бөлүгүнө чабуул болгондо жапырт таасирденген органикалык денеге окшоштурган.

43. Куран 42:11.

44. Бул суроону тереңдеп изилдөө үчүн Исмаил ал Фарукинин "Ислам жана искусство" китебин карагыла, *Студия Исламика*, 37 (1973), 81-109 б.

45. И.Р. аль-Фаруки "Диний көркөм өнөрдүн табияты тууралуу", *Ислам жана азыркы доор*, 1 (1970), 68-81 б.

46. Таухиддин башка көркөм өнөрлөр менен болгон байланышы тууралуу кенениреек окуу үчүн кийинки бөлүмдөрдү карагыла: 19-23 (*Исламдын маданий атласы* түпнускасына тиешелүү) жана Луис Ламия аль-Фарукинин *Эстетикалык тажрыйба жана Ислам искусстволору*, Исламабад: Хижра жуз жылдык комитети, 1405/1985.

Исмаил аль-Фаруки – (1921–1986) палестиналык–америкалык философ, көрөгөч, салыштырмалуу диндеги авторитет болгон. Заманбап ислам аалымы, Исмаил аль-Фарукинин стипендиясы дин таануу, ислам ой жүгүртүүсү, билимге болгон мамиле, тарых, маданият, билим берүү, диндер аралык мамилелер, этика, эстетика, саясат, экономика жана илим жаатындагы Ислам таануунун бардык спектрин камтыйт. Ал, албетте, 20–кылымдагы улуу мусулман аалымдарынын сап башында турган.

*Ислам цивилизациясынын түпкү маңызы Исламда экендиги – талашсыз; же ислам дининин маңызы – таухид, Аллахты жалгыз, абсолюттук, чексиз Жаратуучу, Раббибиз жана бардык нерсенин Кожоюну деп тастыктоо. Бул эки фундаменталдык негиз өзүн-өзү аныктайт. Бул цивилизацияга таандык болгондор же ушул цивилизацияга катышкан адамдар, андан эч качан шек санашкан эмес. Акыркы мезгилдерде гана миссионерлер, чыгыш таануучулар жана исламдын башка чечмелөөчүлөрү бул жагдайга шек туудурушуп жатат. Билим деңгээлинин кандай экендигине карабастан, мусулмандар ислам цивилизациясынын маңызга ээ экендигине, бул маңыздын белгилүү экендигине, аны анализдеп жана сүрөттөөгө болооруна, деги эле, анын таухид экендигине аподиктүүлүк менен ишенишет. Таухидди ислам цивилизациясынын маңызы катары, анын алгачкы аныктоочу принциби катары талдоо – ушул документтин объектиси болуп саналат. Автордун пикири боюнча, акыркы талдоодогу ушул Кудай менен дүйнөнү антикалык бөлүү принциби – таухидди бардык теориялардан, адамзатты апофеоздоо же Кудайды, ал – грек, рим, индус, буддист же христиан болбосун, гуманизациялоо-дон айрымалап турат.*

Ислам ойлору Эл аралык институту (IIIT)